**Карачева Өмүргүл Сулаймановна –**
Балыкчы шаарындагы № 4 гимназия мектебинин
тарых жана жаран таануу мугалими

Тарбиялык сабактын темасы**:**
**«Акылы тунук, билими бийик инсан эле ...»**
**(Насиридин Исановду эскерүү)**

**Сабактын максаты:**

**Билим берүүчүлүк:** Коомдук ишмер, эгемендүү мамлекеттин алгачкы премьер-министири Н.Исановдун кыска гана убакыт министирлер кабинетин жетектеп турган мезгилинде эл ичинде үмүт жараткан өкмөт башчысы катарында коомчулуктун эсинде калгандыгын, ал инсандын адамдык касиетин сынчыл ой жүгүртүү аркылуу окуучуларга тереңирээк түшүндүрүү.

**Өнүктүрүүчүлүк**: Н. Исановдун өмүр жолундагы кандай гана кызматты ээлебесин кичи пейилдиги, тазалыгы, калыстыгы менен калктын кадырына арзыгандыгын, ак ниет катары элдин эсинде калгандыгын М.М.К. чыккан ал жөнүндө баяндамаларды, эскерүүлөрдү, аны менен учурунда чогуу иштеген шаарыбыздагы адамдар менен жоолугушууларды уюштуруу, интернеттен маалыматтарды чогултууга окуучуларга багыт берүү. Исановдун мисалында алардын өз сезимдерин анализдей билүү жөндөмүн өнүктүрүү.

**Тарбиялык**: Окуучуларды мекенчилдикке, жаратмандыкка, тазалыкка үндөө.

**Сабактын формасы**: Эскерүү, изилдөө сабагы.

**Сабактын жабдылышы**: Н.Исанов жөнүндө слайд, стенд, ноодбук, экран, буклеттер ж.б.

**Сабактын жүрүшү**.

**Мугалимдин сөзү**: Тарыхта аты калган инсандардын катарында Кыргыз Республикасы өз алдынча мамлекет болгондон кийинки алгачкы премьери Насирдин Исановдун да орду бар. Анын басып өткөн жолу келечек муундарга өрнөк берүүчү сабак. Исановдун 70 жылдыгына карата «Мурас» илимий тобунун мүчөлөрү, 11 «а» классынын окуучулары Исановдун өмүр жолун изилдеп, көптөгөн материалдарды топтошту. Айрымдары реферат, айрымдары дил баян, буклет, дубал газеталарды чыгарышып, жыйынтыгында бүгүнкү эскерүү сабагын өтүп жатабыз.

Бүгүнкү сабагыбызга Исанов менен чогуу иштеген КР Ысык-Көл жана Нарын областарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агентигинин бөлүм башчысы Зарылбек Шарипов, Исанов биздин жергебизде иштеп турган мезгилде мектебибиздин директору болуп иштеп турган «КР Эмгек сиңирген мугалими” Зуура Исаева, билим берүү

бөлүмүнүн баш адиси Майрам Алиева жана мектебибиздин мугалимдери катышып олтурушат.

Кезекти окуучуларыбызга берсек.

**Экранга Исанов жөнүндө слайд көргөзулө баштайт (Көкөй кести» күүсү коштойт) слайд менен катар диктофондон төмөндөгу ырлар окулат**:

Илгеркинин талдап көрүп сабагын,
Ир алдыда жан дүйнөңө карагын.
Эске туткун өмүр деген өктөмдүн,
Сен өтсөң да,ал өтпөстөн агаарын.
Эске туткун- сага чейин агаарын,
Менменсинген мүнөзүңдү таштагын.
Акылмандык – унутпоодур, а балким,
Бу турмуштун жаңыланып жатканын.
Тирлик дайым берендерин кайта алат,
Кайтарганда ким экениң байкалат.
Жаңыланып сүйө билсең жашоону
Андай адам: « Жашадым!» деп айта алат. ( А. Жакшылыков )
Дилинде берилгендик оту күйгөн,
Адамдын колу ачык, пейли кенен.
Ушул үч мыкты сапат болбосо эгер,
Үч кемтик орун ээлеп дайым жүргөн.
Ач көздүк, чыккынчылык илдеттери,
Өзүмчүлдүк өксүгүн таап келет.
Адамзат арамдыкка бат берилип,
Жамандык иримине чөгө берет...
Карыптын караөзгөйлөр канын соруп,
Чындыкты жалганчылык чыркыратса,
Зомбулук күчөп, пейил тарып жатса –
Заманды жатканы бул кырсык тооруп. ( А.Навои )

**Окуучулар ирети менен реферттарын, дил баяндарын окуп, дубал газета, буклеттерин айтышып Исановдун өмүр жолуна, эмгек жолунун башталышына, интернеттен алган сүрөттөрүн слайд аркылуу көргөзүшүп ал адам жөнүндө кенен айтышты.**

Андан кийин сөздү чакырылган меймандарга беришет.

**Зарылбек Шарипов.** 1988-жылы Ысык-Көл областы менен Нарын областары биригип Балыкчы (Рыбачье) шаары Ысык-Көл шаары аталып, област Ысык-Көл болгон мезгилде Н.Исанов Ысык-Көл областтык аткаруу

комитетинин төрагасы милдетин аткарып, З.Шарипов шаардык аткруу комитетинин төрагасы болуп иштеген.

З.Шарипов окуучуларга Н.Исановдун чарчабаган, эмгекке чын ыкластан берилип иштегенин, жөнөкөй, адилет, чынчыл адам болгонун айтып азыркы Балыкчы шаарындагы ири курулуштар ошол адамдын демилеси менен курулганын, келечекте бул шаар заманбап шаарга айлана тургандыгын айтып, чечимдерди дароо кабыл алып, аны ишке тез ашырууга умтулгандыгына токтолду.

**Зуура Исаева** – эмгек ардагери «КР Эмгек сиңирген мугалими» ошол мезгилде мектеп директору болуп иштеп турган. Эже, Исановдун жетекчи катары кичипейил, бой көтөрбөгөн, демилгечил адам экендигие токтолду.

Окуучулар меймандарга суроолорду беришип, Исанов жөнүндө дагы тереңирээк түшүнүк алышты.

**Сабактын аягында Н.Исановду бир минут эскеришти**.